*Мамажунус уулу М.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ КЫЛМЫШ ЖАЗА ЮРИСДИКЦИЯСЫНЫН КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

*Мамажунус уулу М.*

# АКТУАЛЬНЫЕ ЗАДАЧИ УГОЛОВНОЙ ЮРИСДИКЦИИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

*Matajunus uulu M.*

# CURRENT ISSUES OF CRIMINAL JURISDICTION IN THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 343.1/21 (575.2)*

*Макалада жалпы илимий усулдар, тактап айтканда тутумдук, тутумдук түзүмдүк усулдар аркылуу азыркы мезгилдеги Кыргыз Республикасындагы кылмыш укуктук юрисдикциянын таралуусунун кылмыш укуктук жактан жөнгө салынуусу талдоого алынган. Талдоодо азыркы мезгилдеги Кыргыз Республикасындагы Кылмыш укуктук юрисдикциясынын таралуусун изилдөөнүн актуалдуулугу негизделген. Ошону менен бирдикте азыркы мезгилдеги Кыргыз Республикасынын аймагындагы чет өлкөлүк жарандардын жалпы кылмыштуулук тенденциялары чагылдыруу менен бирдикте бул жаатта кылмыш жаза мыйзамын колдонуунун көйгөйлөрү алдыга сүрүлгөн. Макалада Кыргызстандагы акыркы мезгилдердеги кылмыш укуктук реформалардын натыйжасында кылмыш жаза мыйзамындагы анын ичинде кылмыш жаза юрисдикциясы, чет өлкөлүк жарандардын кылмыш жаза жоопкерчилиги боюнча суроолор талдоого алынган. Макаланын жыйынтыгында кылмыш жаза юрисдикциясын изилдөөнүн актуалдуу маселелерин аныктоого далалат жасалаган.*

***Негизги сөздөр**: юрисдикция, кылмыш жоопкерчилиги, чет өлкөлүк жарандар, экстрадиция, кылмыш жаза мыйзамы, Кыргыз Республикасы, мыйзам.*

*В данной статье на основе общенаучных методов исследования, в частности системного и системно-структурного анализа исследовано уголовное правовое регулирование распространение уголовной юрисдикции в Кыргызской Республике. В работе обоснована актуальность исследования распространения уголовной юрисдикции, уголовной ответственности иностранных граждан совершивших преступление на территории Кыргызской Республики. В исследовании на основе статистических сведений отражены общие тенденции преступности иностранных граждан в Кыргызской Республике. Освещены проблемы вопросы распространения и применения уголовного закона в отношении иностранных граждан. В статье также проанализировано вопросы уголовно-правовой юрисдикции, уголовной ответственности иностранных граждан в связи последними уголовно-правовыми реформами. В результатах исследования определены актуальные задачи необходимости исследования уголовной юрисдикции в Кыргызской Республике.*

***Ключевые слова**; юрисдикция, уголовная ответственность, иностранные граждане, экстрадиция, уголовный закон, Кыргызская Республика, закон.*

*In this article, on the basis of general scientific research methods, in particular, systemic and system-structural analysis, the criminal legal regulation of the extension of criminal jurisdiction in the Kyrgyz Republic is investigated. The paper substantiates the relevance of the study of the proliferation of criminal jurisdiction, criminal liability of foreign citizens who have committed a crime in the territory of the Kyrgyz Republic. The study on the basis of statistical data reflects the general crime trends of foreign citizens in the Kyrgyz Republic. The problems of the distribution and application of criminal law in relation to foreign citizens are covered. The article also analyzes the issues of criminal law jurisdiction, criminal liability of foreign citizens in connection with the latest criminal law reforms. The results of the study identified the urgent tasks of the need to investigate criminal jurisdiction in the Kyrgyz Republic.*

***Key words:** jurisdiction, criminal liability, foreign citizens, extradition, criminal law, Kyrgyz Republic, law.*

Азыркы мезгилде миграциялык процесстердин күчөшү бир гана социалдык эмес, укуктук да көйгөйлөрдү алып келди. Алардын көпчүлүгү мыйзамсыз мамлекеттик чек араны кесип өтүү менен коштолууда. Чет өлкөлүк жарандардын мындай аракеттери өз кезегинде Кыргыз Республикасындагы кылмыштуулукка да таасирин тийгизбей койгон жок.

Алсак, 2013-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында кылмыш жасагандыгы үчүн 255 чет өлкөлөрдүн атуулдары кылмыш жоопкерчилигине тартылган, алардын арасынан КМШ мамлекеттеринин жарандары - 220 адамды түзгөн болсо, 2014-жылы бул көрсөткүч - 269 адамды түзүп, КМШ өлкөлөрүнүн - 188 жараны кылмыш жоопкерчилигине тартылган. Ал эми 2015-жылы бардыгы болуп 353 чет өлкөлөрдүн жарандары кылмыш жоопкерчилигине тартылып, алардын арасынан КМШ мамлекеттеринин жарандарынын саны - 215 адам болуп, 2016-жылы бул көрсөткүч - 377 жана 294, 2017-жылы - 378 жана 310 адамды түзгөн [1].

Азыркы мезгилде кылмыш жаза мыйзамы бир жагынан консервативдүү, туруктуу тартипти кармагандыгы менен түшүндүрүлсө, экинчи жагынан өзгөрүүгө дуушар болууда. Учурдагы улуттук укуктук тутумдар жетишээрлик деңгээлде өз алдынча өнүгүү процесстери менен коштолсо дагы башка укуктук тутумдардын күчтүү таасирине кабылууда. Эл аралык укуктук тутум барган сайын улуттук укуктук тутум менен активдүү өз ара аракеттенүүдө.

Улуттук мыйзам актыларын, анын ичинде кылмыш жаза мыйзамынын чет өлкөлүк жарандарга колдонуунун учурдун талаптарына жооп бербестиги, алардын эл аралык стандарттарга дал келтирүү, кылмыш укуктук теория илиминин орчундуу суроолорунун бири катары саналат.

Кыргыз Республикасынын 2019-жылдагы Кылмыш-жаза кодексине чет элдик жарандардын жоопкерчилигине байланыштуу келип чыккан бир канча маселелерди чечүү жана негиздөө зарылдыгы менен түшүндүрүлөт.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш жаза кодексининин 13 беренесинде [2] Кыргыз Республикасынын аймагында жасалган кылмыштарга карата жазык мыйзамынын колдонулушу каралган. Ага ылайык;

Кыргыз Республикасынын аймагында кылмыш жасаган адам КР Кылмыш жазык кодексине ылайык жоопкерчиликке тартылууга жатат.

Төмөнкү учурларда кылмыш Кыргыз Республикасынын аймагында жасалган деп таанылат:

1) Кыргыз Республикасынын аймагында башталган, аякталган же бөгөт коюлган;

2) Кыргыз Республикасынын аймагында жасалган, ал эми кесепеттери анын чегинен тышкары жерде башталган;

3) башка жосундар менен катар эле же жыйындысында кылмышты түзүп, анын бир стадиясы Кыргыз Республикасынын аймагында жасалган.

Колдонуудагы мыйзамдарга жана эл аралык келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасынын соттору тарабынан соттолбой турган чет өлкөлүк мамлекеттердин дипломатиялык өкүлдөрүнүн жана башка жарандарынын жазык жоопкерчилиги жөнүндө маселе, бул адамдар тарабынан Кыргыз Республикасынын аймагында кылмыш жасалган учурда, эл аралык укуктун ченемдеринин негизинде дипломатиялык жол менен чечилет.

Кылмыш-жаза кодексинин 15-беренеси. Кылмыш жасаган адамдарды өткөрүп берүүнү (экстрадиция) караган.

Башка мамлекеттин аймагында кылмыш жасаган Кыргыз Республикасынын жарандары өткөрүп берилүүгө жатпайт.

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары кылмыш жасаган жана анын аймагында жүргөн чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар, эгерде мындай өткөрүп берүү эл аралык келишимде каралса, жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн, же болбосо жаза өтөө үчүн башка мамлекетке өткөрүп берилиши мүмкүн.

Акыркы норма чет элдик жарандарга саясий баш калканыч берүү жөнүндөгү конституциялык норма менен карама-каршылыкта.

Чет элдик жарандардын кылмыштуулук маселеси мейкиндиктеги кылмыш-жаза мыйзамынын аймактык аракетиндеги көйгөйлөрдүн да бир бөлүгү болуп саналат.

Бул нормалардын бардыгы укукту колдонуу планында белгилүү кыйынчылыктарды жаратат, Акыркы мезгилде кылмыш жаза мыйзамындагы өзгөрүүлөр кылмыш жаза юрисдикциясындагы территориялдык принципти бекитүү менен «экстрадиция» суроолорун бир жактуу чечкен.

Мына ошондуктан учурдун талабына ылайык келген кылмыш укуктук концепциялардын теоретикалык негиздерин, анын ичинде кылмыш укуктук юрисдикциянын мейкиндикте жактарга карата, жана убакытта таралуусунун оптималдуу жөнгө салуу юридикалык илимдин, анын ичинде теоретикалык укуктук жана кылмыш укуктук тармактарын иштеп чыгуу зарыл маселелер болуп саналат.

Улуттук мыйзам актыларын, анын ичинде кылмыш жаза мыйзамынын чет өлкөлүк жарандарга колдонуунун учурдун талаптарына жооп бербестиги, алардын эл аралык стандарттарга дал келтирүү, кылмыш укуктук теория илиминин орчундуу суроолорунун бири катары саналат.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз Республикасынын ИИМнин Маалымат-аналитикалык борборунун 2013, 2014, 2015, 2016, 2017-жж. аналитикалык маалыматтары;
2. Кыргыз Республикасынын Жазык Кодекси 2017-жылдын 2-февралы №19 (КР 2017-жылдын 24-январындагы №10 Мыйзамы менен 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилди).

**Рецензент: к.ю.н., доцент Орозов Ж.Ж.**